ИНСТИТУТ МЕДИА ПОЛИСИ

Canada

# Гендердик зомбулук жөнүндө жаңылыктарды чагылдырууда редакциялык саясатка сунуштамалар

Бул материал “Жергиликтүү демилгелердин канадалык фондунун" колдоосу менен “Медиа Полиси Институту” Коомдук фонду ишке ашырып жаткан “Гендердик өңүттөрдү эсепке алган журналистиканын практикасын эки редакциянын редакциялык саясатына киргизүү” долбоорунун алкагында түзүлдү. Бул материалды булагын милдеттүү түрдө көрсөтүү менен эркин көчүрүүгө, кайра иштетүүгө жана жайылтууга болот. Материалда айтылган пикирлер сөзсүз түрдө эле “Жергиликтүү демилгелердин канадалык фондунун” көз карашын чагылдыра бербейт.

**Аялдарга карата зомбулук**

Аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулук дүйнөдө күн сайын орун алып жаткан адам укуктарын бузуунун кеңири жайылган түрлөрүнүн бири. Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматы боюнча, гендердик зомбулук коомдук же жеке мүнөздөгү жыныстык, физикалык, психологиялык жана экономикалык зыяндарды билдирет. Ал ошондой эле кысым, манипуляциялоо жана зомбулук көрсөтөм деп коркутуп-үркүтүү түрүндө болушу мүмкүн[1]. Жыныстык өнөктөшкө карата зомбулук, эрте куракта жана мажбурлоо жолу менен никеге туруу, тандалма бойдон алдыруу жана ымыркайларды өлтүрүү – мунун баары гендердик зомбулуктун түрлөрү.

2018-жылы Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы жүргүзгөн “Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кыргызстандыктардын пикири”[2] деп аталган сурамжылоонун маалыматтарына ылайык, кыргызстандыктардын пикири боюнча, үй-бүлөдөгү зомбулуктун негизги үч себеби бар: биринчиси – “коомдо өз ордун таба албоо: жумушсуздук жана материалдык көйгөйлөр”; экинчиси – “аракечтик жана баңгилик”; үчүнчүсү – “калктын билиминин жана маданиятынын төмөн деңгээли”.

Бүгүнкү күндө гендердик зомбулук көйгөйү жалпыга маалымдоо каражаттарында барган сайын көбүрөөк чагылдырылып, бул көйгөй терең тамыр жайганын тастыктап жатат. ЖМКда чагылдыруу – жалпыга маалымдоо каражаттары бул көйгөйдү кантип чагылдырарын жана социалдык көйгөй катары аялдарга карата зомбулук жөнүндө талкууну баштоо баскычында алардын жоопкерчилиги кандай экендигин талдоого себепчи болот. ЖМКларга чыккан репортаждар гендердик зомбулукту токтото албайт, бирок алар коомдун кескин чараларды көрө баштashына шарт түзүп бере алат. Репортаж, макалалардарда көтөрүлүп жаткан маселелер адамдарды айланасында болуп жаткан зомбулукту көрмөксөнгө салбоого, кошуна үйдө ызы-чууну, эмеректер ыргытылып жатканын укканда телевизордун үнүн көбөйтүп коюп, кайдыгер карап отура бербегенге түрткү болот.

| |
|---|
| Жалпыга маалымдоо каражаттары зомбулук көрсөтүп жаткандарга мындай жүрүм-турум жазасыз калбай турганын жана калбашы керектигин так жеткирүүгө жардам берет. |

[1] https://share.america.gov/ru/%D0%B3%D0%BB%D0%BE%D0%B1%D0%B0%D0%BB%D1%8C%D0%BD%D0%B0%D1%8F-%D0%BF%D1%80%D0%BE%D0%B1%D0%BB%D0%B5%D0%BC%D0%B0-%D0%B3%D0%B5%D0%BD%D0%B4%D0%B5%D1%80%D0%BD%D0%BE%D0%B3%D0%BE-%D0%BD%D0%B0%D1%81%D0%B8/

[2] http://coalition.kg/wp-content/uploads/2018/08/RUS-Июль-2018-Опрос-Насилие-в-семье-Коалиция.pdf

Ошондой эле гендердик зомбулук темасын туура чагылдыруу жабырлануучуларды коргоп калууга жардам берет. Бул ишеним маанайын жаратат, мындай кырдаалда жабыркагандар жардам сурап, колдоо таба алышат.

Аялдарга карата зордук жана үй-бүлөдөгү зомбулук темасын чагылдырууда долбоордун алкагында редакция жүргүзгөн талдоо бул көйгөйдү чагылдыруу ишиндеги кемчиликтерди аныктоого мүмкүндүк берди, мисалы, коомдо бул көйгөйгө жана анын алдын алууга талаптагыдай көңүл бурулган эмес, ал тургай аяр учурлар этикага каршы чагылдырылып келет.

**Ден соолукка тийгизген кесепеттери**[3]

Жыныстык өнөктөштүн зомбулугу (физикалык, жыныстык жана эмоционалдык) жана сексуалдык зомбулук аялдардын физикалык, психикалык, жыныстык жана репродуктивдик саламаттыгында кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү көйгөйлөргө себепчи болот. Зомбулуктун мындай түрлөрү алардын балдарына да таасирин тийгизип, аялдар, алардын үй-бүлөлөрү жана коом үчүн олуттуу социалдык жана экономикалык чыгымдарды жаратат. Мындай зомбулуктун кесепеттери төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- Ал адам өлтүрүүгө жана өз жанына кол салууга алып келиши ыктымал.
- Зомбулуктан кийин аял жаракат алышы мүмкүн: жыныстык өнөктөшүнүн зомбулугуна кабылган аялдардын 42% жаракат алганын айтышат.
- Аял каалабаган кош бойлуулук, жасалма бойдон алдыруу, гинекологиялык көйгөйлөр жана жыныстык жол менен жуккан оорулар, анын ичинде ВИЧ мына ушундай зомбулуктун кесепети болушу мүмкүн. 2013-жылы жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, физикалык же жыныстык зомбулукту башынан өткөргөн аялдарда жыныстык жол менен жугуучу оорулардын (ал эми кээ бир аймактарда ВИЧтин да) көрсөткүчтөрү өнөктөшүнөн физикалык зомбулук көрбөгөн башка аялдардын арасындагы ушундай эле көрсөткүчтөрдөн 1,5 эсе көп болгон. Ошондой эле зомбулукка кабылган аялдар эки эсе көбүрөөк бойдон алдырышат.
- Аял кош бойлуу маалында жыныстык өнөктөшүнөн көргөн зомбулук бойдон түшүүгө, баланын өлүк төрөлүшүнө, эрте төрөткө жана ымыркайдын салмагы аз төрөлүшүнө себепчи болууда. 2013-жылы жүргүзүлгөн ошол эле изилдөөгө ылайык, жыныстык өнөктөшүнүн зомбулугун көргөн аялдардын боюнан түшүп калуу тобокелдиги 16 пайызга, ал эми мөөнөтүнөн эрте төрөт тобокелдиги 41 пайызга жогору болгон.
- Зомбулуктун бул түрлөрү депрессияга, жаракаттан кийинки стресске жана башка психикалык көйгөйлөргө, уйкунун, тамактануунун бузулушуна жана суицид аракеттерине алып келиши мүмкүн. 2013-жылы жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөө жыныстык өнөктөшүнөн зомбулук көргөн аялдардын арасында депрессияга чалдыгуу жана аракка берилип кетүү ыктымалдуулугу башка аялдардын көрсөткүчүнөн дээрлик эки эсе көп экенин аныктады.
- Ден соолукка байланыштуу башка кесепеттерге баш оорусу, белдин оорушу, ичтин оорушу, ичеги-карын оорулары, кыймылдын чектелиши жана саламаттыктын жалпысынан эле начарлашы кирет.

[3] https://www.who.int/ru/news-room/fact-sheets/detail/violence-against-women

- Айрыкча бала кезинде зордуктоого кабылган аялдарда тамеки чегүү, баңгилик жана аракечтик, ошондой эле жашоонун кечирээк этаптарында тобокелге салган жыныстык жүрүм-турум болот деген тобокелдик жогорулайт. Ал ошондой эле зордук-зомбулук жасоо менен (эркектер үчүн) жана жабырлануучу катары зомбулукка дуушар болуу (аялдар үчүн) менен байланыштуу болот.

**Балдарга тийгизген таасири**

- Зомбулук орун алган үй-бүлөлөрдө чоңойгон балдар жүрүм-турумдук жана эмоционалдык көйгөйлөргө дуушар болуп, мындан азап чегиши мүмкүн, мунун баары келечекте зомбулук жасоого же ага дуушар болууга шарт түзүп бериши ыктымал.
- Жыныстык өнөктөштөрдүн зомбулугу ошондой эле ымыркайлардын жана балдардын арасында өлүм санынын жана оорунун көбөйүшү менен байланыштуу (мисалы, ич өткөк оорулары жана начар тамактануу).

**Социалдык жана экономикалык чыгымдар**

Жыныстык өнөктөштөрдүн зомбулугунун жана зордугунун натыйжасында социалдык жана экономикалык чыгымдар өтө чоң жана коом үчүн узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келет. Аялдар обочодо калып, иштей албай, кирешесин жоготуп, кадыресе иштерге катышпай, өзүнө жана балдарына кам көрүү мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан жапа чегиши мүмкүн.

## Маалыматтардын БУЛАКТАРЫ

Гендердик зомбулук жөнүндө статистиканы жалпыга маалымдоо каражаттарынын материалдарына киргизүү маанилүү ролду ойнойт.

Көйгөйдүн масштабын тастыктоо: Статистика гендердик зомбулуктун масштабын көрсөтүүдө. Бул көйгөй канчалык кеңири тамыр жайганын жана калктын кайсы топтору айрыкча аярлуу болгонун түшүнүүгө жардам берет. Бул болсо аудиторияны тема канчалык олуттуу жана актуалдуу болгонуна ынандырат.

Тең салмактуулук жана ишенимдүүлүк: ал фактыларга жана изилдөөлөргө негизделген, бул материалдарга карата ишенимди жаратат.

Аудиторияны тартуу: Сандар окурмандарга чоң таасирин тийгизип, бул көйгөйгө кайрылып туруу зарылдыгын баса белгилейт.

Жүйөлөрдү колдоо жана себептер менен жыйынтыктарды чагылдыруу: Статистика жүйөлөрдү колдоого жана гендердик зомбулуктун себептерин жана кесепеттерин талдоого жардам берет. Ал тренддерди, өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугун же натыйжасыздыгын көрсөтө алат.

Чечимге багыт алуу: так сандык маалыматтар өзгөчө көйгөйлүү аймактарды аныктоого жана гендердик зомбулукка каршы күрөшүү үчүн натыйжалуу стратегияларды даярдап алууга жардам берет. Бул кырдаалды жакшыртуу үчүн кандай кадамдарды жасоо керектигин түшүнүүнү жеңилдетет.

**Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө маалыматтарды статистикалык эсепке алууну төмөнкүлөр жүргүзөт (ЖМКлар бул органдарга өздөрүнүн суроо-талаптарын жөнөтө алышат):**

¬ КР Улуттук статистика комитети
¬ КР Башкы прокуратурасы
¬ КР Ички иштер министрлиги
¬ КР Саламаттык сактоо министрлиги
¬ КР Сот департаменти
¬ Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
¬ Аймактык социалдык коргоо органдары
- Жашы жете электердин иши боюнча инспекция

Улуттук статистика комитети алган кылмыштуулук статистикасы боюнча көрсөткүчтөрдүн мисалдары:
¬ Кризистик борборлорго, аксакалдар сотторуна жана башка адистештирилген мекемелерге кайрылуулардын саны
¬ Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча катталган кылмыштардын саны

2020-жылы калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөткөн кризистик борборлорго жана мекемелерге 15 676 адам кайрылган.[4]

[4] https://new.cisstat.org/documents/20143/418715/%D0%9E%D0%B1%D0%B7%D0%BE%D1%80+%D0%BF%D0%BE+%D1%81%D1%82%D0%B0%D1%82%D0%B8%D1%81%D1%82%D0%B8%D0%BA%D0%B5+%D0%BD%D0%B0%D1%

*Мисалы, улуттук статистиканын маалыматтары көрсөткөндөй, 2022-2023-жылдары үй-бүлөдөгү зомбулуктун курмандыктарынын басымдуу көпчүлүгүн (95-96%) аялдар түзгөн (КР ИИМ):*[5]

2022-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын саны (коргоо ордерин берүү менен) жынысы жана аймагы[6] боюнча жалпысынан 8725 адамды түздү, алардын ичинен аялдар – 8347, эркектер – 378. 2022-жылы үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын саны (коргоо ордерин берүү менен) жалпысынан 8725 адамды түзгөн, алардын ичинен аялдар – 430 жана эркектер – 8295. 2022-жылы үй-бүлөлүк зомбулук учурлары боюнча козголгон, сотко жеткен кылмыш иштеринин саны 496 болгон.

2022-жылы үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү боюнча кризистик борборлорго (ассоциацияларга) кайрылган 9 053 адамдын 8 651и – аялдар.[7]

*Үй-бүлөдөгү зомбулук фактысы боюнча саламаттык сактоо органдарына кайрылган адамдардын саны:*[8]

- Үй-бүлөдөгү зомбулуктан натыйжасында пайда болгон оорулардан (жаракаттан) дарыланган адамдардын саны. Бардыгы – 1 139, аялдар – 885, эркектер – 254.
- Үй-бүлөдөгү зомбулук фактысы боюнча соттук-медициналык экспертиза бөлүмдөрүнө кайрылгандардын саны. Бардыгы – 1 508, аялдар – 1373, эркектер – 135.
- Үй-бүлөдөгү зомбулук фактысы боюнча алгачкы медициналык жана профилактикалык жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарына, Үй-бүлөлүк медицина борборлоруна кайрылган адамдардын саны. Бардыгы – 641, аялдар – 519, эркектер – 122.
- Үй-бүлөдөгү зомбулук фактысы боюнча медициналык тез жардам станцияларына (бөлүмдөргө, ооруканаларга) кайрылгандардын саны. Бардыгы – 173, аялдар – 154, эркектер – 19.

КР Ички иштер министрлигинин маалыматына ылайык, ички иштер органдарынын маалыматтарын электрондук эсепке алуу журналына (МЭЭЖ)[9] 2023-жылдын 10 айында 10 416 факт катталган, өткөн жылдын ушул мезгилинде 8440 болчу, башкача айтканда, үй-бүлөлүк зомбулук учурлары 1976 учурга көп болду, бул 23,4 пайызды түзөт. Республиканын ички иштер органдары көрсөтүлгөн мезгил аралыгында үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга карата 9118 (+1859) убактылуу коргоо ордерин беришкен, анын ичинде эркектерге 8843 ордер берилди, бул берилген убактылуу коргоо ордерлеринин жалпы санынан 96,9 пайызды түзөт, ал эми аялдарга 275 убактылуу коргоо ордери берилген, бул 3,0 пайызды түзөт.

81%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D1%8F+%D0%B2+%D0%BE%D1%82%D0%BD%D0%BE%D1%88%D0%B5%D0%BD%D0%B8%D0%B8+%D0%B6%D0%B5%D0%BD%D1%89%D0%B8%D0%BD.pdf

[5] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/24

[6] https://www.stat.kg/ru/opendata/category/4245/

[7] https://www.stat.kg/ru/opendata/category/4253/

[8] https://www.stat.kg/media/publicationarchive/f200fcd9-468a-493d-a3bb-210d303fe49a.pdf

[9] https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/28

**Талдоо үчүн темаларды иргеп алуу**

*Талдоо жасоо үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарынын материалдарында кеңири жайылган темалар тандалып алынды. Алар: үй-бүлөдөгү аялдарга карата физикалык зомбулук жана жашы жете электерге карата жыныстык зомбулук. Ошондой эле физикалык жана жыныстык зомбулук тууралуу жаңылыктардан тышкары, айрым саясатчылардын 23 жашка толо элек кыздардын чет өлкөгө чыгуусуна тыюу салуу демилгеси кантип чагылдырылганы изилденди.*

*Талдоо жасоо үчүн макалалар негизги сөз айкаштарын издөө менен тандалып алынды. Физикалык жана жыныстык зомбулук тууралуу кабарларга карата бул негизинен соттордун чечимдери, тартип коргоо органдарындагы булактар боюнча материалдар, өкмөттүк эме уюмдар же милиция өткөргөн пресс-конференцияларда жасалган репортаждар болгон. 23 жашка толо элек кыздардын чет өлкөгө чыгуусуна тыюу салуу демилгелери боюнча негизинен айрым депутаттардын карама-каршы келген, жүйөсүз билдирүүлөрүнүн негизинде жаңылыктар чыккан.*


**Аялдарга карата зомбулук ..... 1**

Ден соолукка тийгизген кесепеттери ..... 2

Балдарга тийгизген таасири ..... 2

Социалдык жана экономикалык чыгымдар ..... 3

**Маалымат БУЛАКТАРЫ ..... 4**

**Талдоо үчүн темаларды тандап алуу ..... 6**

**1. Криминалдык хроникада көбүнчө аялдардын окуяларын чагылдыруу ..... 7**

**2. Расмий пресс-релиздер жана виктимблейминг ..... 10**

**3. Жабырлануучунун үнү дээрлик угулбай калууда ..... 13**

**4. Макалалардын чуулгандуу аталыштары жана кылмышты актоо ..... 15**

**5. Материалдарда мыйзамдарды жана кодекстерди колдонуу ..... 17**

**1-тиркеме. ..... 21**

## 1. Криминалдык хроникада көбүнчө аялдардын окуяларын чагылдыруу

Жүргүзүлгөн мониторинг көрсөткөндөй, ЖМКда бул темада чыккан тексттердин көбү кылмыштар тууралуу түрмөккө жарыяланган. Ошол эле учурда бул материалдарда жалпыга маалымдоо каражаттары аялдарга карата зомбулукту социалдык көйгөй катары сүрөттөшпөйт, болгону соттордун чечимдеринен, адвокаттардан, ИИМдеги булактан же ИИМдин пресс-релизинен маалымат алып, зомбулуктун конкреттүү учурларын кыскача гана чагылдырышат. Журналисттер мындай фактыларды "акылынан айныган" өнөктөш жашаган "бактысыз" үй-бүлөдөгү окуя катары сүрөттөшөт.

**Сунуштамалар:**

- Эгерде сиз конкреттүү бир окуя тууралуу жазып жатсаңыз, анда аны кененирээк контексттен карап көрүңүз:
- Ушул убакка чейин үй-бүлөлүк зомбулуктун канча учуру катталган?
- Бул иштер кантип аяктаган эле, кылмышкер жоопкерчиликке тартылдыбы?
- Зомбулуктун курмандыгы болгон аялдар кимге жардам сурап кайрыла алышат ж.б.
- Конкреттүү бир окуяга эмес, аялдарга карата зомбулуктун жалпы көйгөйүнө назарыңызды буруңуз.
- Мекемелердин ишине дайыма көз салып туруңуз.
- Милиция кандай иштеп жатат, социалдык иш борборлору, прокуратура өз ишин кандай аткарып жатат?
- SOS телефон линияларын колдонууга үндөңүз.... [10]
- Макалаңызга үй-бүлөлүк зомбулукту башынан өткөргөн аялдар кайрыла турган байланыштардын тизмесин кошуңуз. Мисалы: №1 таблица.
- Зомбулуктун алдын алууга көңүл буруңуз.

№1 таблица. Үй-бүлөлүк зомбулукту башынан өткөргөн аялдар кайрыла турган байланыштардын тизмеси (1-тиркеме).

(Байланыш жолдорун Кыргызстандын Аял-судьяларынын ассоциациясы[11] чогултуп чыкты, kawjoffice@gmail.com).

Мисалы, үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу өзүнчө жаңылыкка Кыргызстанда жыл сайын 8 миңден ашык аял үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгы болуп жатканы тууралуу

[10] https://eca.unwomen.org/sites/default/files/Field%20Office%20ECA/Attachments/Publications/Country/Bosnia/UN%20woman%20prirucnik%20nasilje%20nad%20zenama-EN-WEB.pdf

[11] https://kawj.kg/

маалыматты кошууга болот. Ошондой эле бул системалуу көйгөй экенин белгилеш керек, буга төмөнкү факторлор себепчи:

- тартип коргоо органдарына ишеним жок
- гендердик стереотиптер үчүн зомбулук коомдо кадыресе көрүнүшкө айланды
- зомбулуктун курмандыгы айыпталып келет
- жеке, жыныстык кол тийбестикке жана эркиндикке каршы кылмыштар үчүн жоопкерчиликке тартуу бөлүгүндө жазык мыйзамдары жетик эмес

***ЖМКларга аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана маалымдуулукту жогорулатуу менен байланышкан төмөнкү темаларды көтөрүү сунушталат:***

- Аялдарга карата зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча тиешелүү мекемелердин ишине туруктуу мониторинг жүргүзүп туруш керек. Ошондой эле материалдарда кызмат адамдарынын өз аракеттери же аракетсиздиги үчүн мыйзам боюнча кандай жоопкерчиликке тартылары баяндалууга тийиш.[12]

- Эмне үчүн аз гана иштер сотко жетет? Бул иштер кантип каралды? Сот практикасы кандай болууда? Мамлекеттик кризистик борборлор эмнелер менен алектенүүдө жана алар зомбулук шартында жашаган аялдарга канчалык жардам беришүүдө?

- Редакциялар тамекинин зыяндуулугу жөнүндө эскертүүлөргө окшош кылып, "гендердик зомбулук мыйзам менен жазаланат" деген сөздөр жазылган, дароо көзгө илинген дисклеймерди жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүн караштырып көрсө болот.[13]
Ушуга байланыштуу редакцияларга зомбулуктун бир конкреттүү окуясынын өнүгүшүнө соттук териштирүүнүн башынан аягына чейин байкоо жүргүзүп, мыйзамда каралган коргоо чаралары иш жүзүндө кандайча колдонулуп жатканына көз салуу сунушталат.

Физикалык зомбулук гана эмес, аялдарга карата зомбулуктун башка түрлөрү жөнүндө да жазып туруңуз:

- Аялдарга карата экономикалык зомбулук.[14] Жакырчылык аялдарга карата зомбулуктун негизги факторлорунун бири болуп эсептелет. Экономикалык зомбулук деген эмне жана

---

[12] Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишмердүүлүгүнө координация жүргүзгөн ыйгарым укуктуу орган катары Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги төмөнкү иш-милдеттерди аткарат: 1) ишмердүүлүктү координациялоо жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча башка субъекттер менен өз ара кызматташуу; 2) үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу маалыматтарды чогултуу, жалпылоо жана талдоо жүргүзүү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралардын натыйжалуулугун баалоо жана аны өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү; 3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш алып барган субъекттерге методикалык, маалыматтык, консультативдик жана уюштуруучулук жагынан жардам берүү; 4) үй-бүлөлүк зомбулук жасагандар менен иштөө боюнча коррекциялык программаны иштеп чыгууга координация жүргүзүү; 5) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча иш алып барган субъекттердин көз карандысыздыгынын кепилдиктерин эске алуу менен алардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү мыйзамдар аркылуу мониторинг жүргүзүү жана ушул чөйрөдөгү алардын ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча сунуш берүү; https://www.gov.kg/ru/post/s/ministerstvo-truda-i-sotsialnogo-razvitiya-opredeleno-upolnomochennym-gosorganom-po-koordinatsii-

[13] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

[14] https://nasiliu.net/pronasilie/chto-takoe-ekonomicheskoe-nasilie/

анын белгилери кандай? Аялдар экономикалык зомбулуктан өздөрүн кантип коргой алышат? [15]

- Эмне үчүн аялдар зордук-зомбулук тууралуу айтып берүүдөн кыйналышат?

- Зомбулуктун курмандыктары колдонуудагы мыйзамдарга ылайык канчалык корголгон? Азыркы мыйзамдар кризистик борборлордун ишин канчалык жакшырта алды?

- Психологиялык же физикалык жактан кысымга алынган көптөгөн аялдар мындай жүрүм-турумду зомбулук деп эсептешпейт. Муну зомбулукту актаган социалдык баалуулуктардын жыйынтыгы деп түшүнсө болобу?[16] Же муну коркуу сезими менен түшүндүрсө болобу?

- Зордук-зомбулук көргөн чөйрөдөн суурулуп чыккан аялдардын тажрыйбасы кандай?

- Ишеним телефондору, баш калкалоочу жайлар жана кризистик борборлор өңдүү колдоо көрсөтүүчү кызматтар жөнүндө маалыматтарды берип турууга көңүл буруңуз. Мындан тышкары, репортаждарды окурмандар көбүрөөк көрө ала тургандай жайгаштыруу (мисалы, макаланын аталышын калың шрифт менен жазса болот) көйгөй жөнүндө көбүрөөк билүүгө көмөктөшөт[17]. Ушундай жагдайга туш болгондор кайда кайрыла алаары тууралуу маалыматты тынымсыз жарыялап туруу зарыл.

- Зомбулук жасагандар үчүн мунун кесепеттери жөнүндө айтып туруу зарыл – ЖМКлар жасалган жосундун кылмышкер (кылмышкерлер) үчүн укуктук жана социалдык кесепеттери кандай болоорун чагылдырууга тийиш. Аларга гендердик зомбулук жасагандар үчүн мыйзам менен каралган жазалар кирет[18].

- Аудиториянын арасында агартуу иштерин жүргүзүү максатында терминдердин глоссарийине шилтемени жарыяласа болот https://rm.coe.int/media-guideline-eng-final/1680a15260.

---

[15] Жалпыга маалымдоо каражаттарында физикалык жана жыныстык зомбулук жөнүндө жалпы эле кабарлар чыгып турат, ал эми психологиялык жана өзгөчө экономикалык зомбулук жөнүндө жетиштүү маалымат жок. Аялдардын экономикалык укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү аялдардын күчтүү жана көз карандысыз болушунун маанилүү шарты болуп саналат жана натыйжада аялдар зордук-зомбулук көрүнүштөрүнө туруштук берүүгө жөндөмдүү боло алышат.

[16] Аялдын негизги функциясы – канчалык начар абалда жашаса да, өмүрүнө коркунуч келсе да үй-бүлөсүн бузбаш үчүн чыдашы керек.

[17] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

[18] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

## 2. Расмий пресс-релиздер жана виктимблейминг

Жаңылык чыкканда адатта мамлекеттик органдын расмий булагы (мисалы, ИИМ) маалымат булагы болуп саналат, ал өзүнүн пресс-релиздеринде жабырлануучуларды айыптаган (виктимблейминг) жана кылмышкерди актаган туюндурмаларга жол берген учурлар аз эмес. Өз кезегинде, ИИМдин пресс-релизине гана таянып зордук-зомбулук фактыларын чагылдыруу туура эмес. Себеби, анда жабырлануучу арыз берүүдөн баш тартканы тууралуу кабар дээрлик салтка айланып калды, бирок мындай "кечиримдүүлүккө" жабырлануучунун кордук көрсөткөн адамдан корккону, системага ишенбегендиги, туугандарынын кысымы же башка олуттуу факторлор себепчи болуп жатканын аудитория түшүнбөй калууда.

**Сунуштамалар:**

- Эгерде сиз аялдарга карата зомбулук жөнүндө макала жазып жатсаңыз, анда аялдар тартип коргоо органдарына кайрылгандан кийин эмне үчүн арызын кайтарып алып жатканын да түшүндүргөнгө аракет кылсаңыз.
- Тартип коргоо органдарында иштеген кызматкерлердин ичинен негизинен эркектер үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга кандай мамиле жасап жатканы (жактырбай, арыз берүүдөн баш тартууга көндүрүп, уяткарып же жемелеп жатканы) тууралуу теманы ачып бергенге аракет кылсаңыз (мисалы, тиешелүү эксперттерден комментарий алсаңыз болот).
- Аялдар кайра өздөрүн айыптаган мамилеге туш болгон учурлар (виктимблейминг) аз эмес. *Виктимблейминг (жабырлануучуну айыптоо)* түшүнүгү тууралуу аудиторияңызга маалымат бериңиз – бул кылмыштын же кырсыктын курмандыгы (курмандыктары) ага каршы жасалган кылмыштар үчүн толугу менен же жарым-жартылай өзү жооптуу деп күнөөлөгөндүн натыйжасында пайда болгон, кылмышты жокко чыгарган иш-аракет. Мындай айыптоо юристтердин, медициналык кызматкерлердин жана психикалык саламаттык боюнча адистердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жакын туугандарынын жана тааныштарынын терс социалдык реакциясы түрүндө билиниши мүмкүн. Адатта кылмыштын курмандыктарына карата реакция башкалардын түшүнбөстүгүнө негизделет. Мындай түшүнбөстүк бир көрүнүшкө алып келиши ыктымал: адамдар жабырлануучу ушул окуяга өзү күнөөлүү, ушуну көрмөк деп эсептешет же зомбулукка умтулган адамдар өзүн төмөн баалагандар дешет. Натыйжада, жабырлануучуну башынан өткөргөн окуя үчүн айыптай баштаганда ал мындай кырдаалдан оңою менен чыга албай, кыйналышы мүмкүн.[19]
- Зомбулук фактысын чагылдырып жатканда бир нече булакты колдонгонго аракет кылыңыз, мисалы, зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам берүүгө адистешкен өкмөттүк эмес уюмдардын эксперттерин, психологдорду, гендердик адистерди ж.б. тартыңыз.[20]
- ЖМКнын кабарчылары өлкөдөгү зордук-зомбулуктун жайылышы жана ага байланыштуу көйгөйлөр жөнүндө маалыматтарды берүү менен, мифтерге жана

[19] https://crcvc.ca/docs/victim_blaming.pdf

[20] https://eca.unwomen.org/sites/default/files/Field%20Office%20ECA/Attachments/Publications/Country/Bosnia/UN%20woman%20prirucnik%20nasilje%20nad%20zenama-EN-WEB.pdf

эскиче көз караштарга каршы туруп, ошондой эле окурмандарды/көрүүчүлөрдү агартуу максатында эксперттерге кайрылуу менен айрым окуяларга контекст бере алышат. ("Жыныстык зомбулук жөнүндө репортаждар", 2013)[21]

**Мисалы:**

**Эмне үчүн аялдар милицияга кайрылышпайт же кайрылгандан кийин арызын кайтарып алышат?**

Эгерде милиция келсе (көп учурда милиция келбей деле коюшу ыктымал), зомбулук көрсөтүп жаткан адамды ашып кетсе протокол түзүү үчүн бөлүмгө алып кетип, андан кийин кое бериши мүмкүн. ИИМдин Коомдук коопсуздук кызматынын бөлүм башчысы Таалайбек Алижановдун айтымында, эгерде зомбулук фактылары тастыкталса, анда *мыйзам боюнча* тартип коргоо органдары үч күнгө убактылуу коргоо ордерин беришет. Бул мөөнөттүн ичинде укук бузган адам үй-бүлөсү менен байланышпашы керек, бул талапты бузса, анда Укук бузуулар жөнүндө кодексте каралган жоопкерчиликке тартылат.[22] *Бирок, практика көрсөтүп жаткандай*, жабырлануучу аял тартип коргоо органдарына кайрылгандан кийин "таш муштум" адатта үйүнө кайтып келип, өзүн ого бетер орой жана агрессивдүү алып жүрөт. Ошондуктан, аялдар адатта жолдошунун же өнөктөшүнүн мындан аркы зомбулугунан коркуп, тартип коргоо органдарына кайрылышпайт.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары жардам сурабап кайрылбагандыгынын себептери көп. Мисалы:[23]**

- Уялуу сезими/Өзүнө ишенбестик, ташбоор мамиледен улам акыл калчап, ойлонууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу;
- Зордукчу өч алат деп коркот/Жабырлануучу жана анын балдары үчүн жардам сурап кайрылуу өтө коркунучтуу же кооптуу болушу мүмкүн/Балдарын тарттырып жиберем деп коркушу ыктымал;
- Достордун, үй-бүлө мүчөлөрүнүн, кесиптештеринин, кошуналарынын жана зомбулук көрсөткөн адамды тааныган башка адамдардын ишенбестиги же түшүнгөнгө аракет кылбагандыгы/ жабыр тарткандардын өздөрүнүн, алардын жакындарынын жана досторунун үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү тууралуу кабарсыз болушу;
- Кирешеден, камсыздандыруудан, мүлктөн айрылуу, мамилелердин үзүлүшү ж.б./Экономикалык зомбулуктан же ар бир кадамды көзөмөлдөгөн жүрүм-турумдан келип чыгышы мүмкүн болгон финансылык ресурстардын жоктугу жана акчадан көз карандылык; мисалы, "таш муштум" аялын жумуштан кетирүүгө мажбурлайт, анын чыгымдарын көзөмөлдөйт, колуна акча карматпайт;

---

[21] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

[22] https://24.kg/obschestvo/282130_semeynoe_nasilie_bolee_11tyisyach_sluchaev_snachala_goda_zaregistrirovalo_mvd_/

[23] https://nasiliu.net/pronasilie/pochemu-zhenshhiny-ne-obrashhayutsya-v-policziyu-ili-zabirayut-zayavlenie-posle-obrashheniya/

- Система буга чейин жабырлануучунун ишенимин актаган эмес/тартип коргоо органдары жабыр тарткандарды коргоого жөндөмсүз же каалабайт, натыйжада жабыр тарткандар системага ишенбейт/сот адилеттиги системасы гендердик аяр мамиле жасабайт;
- Эгер жабырлануучу өзгөрсө, кырдаал өзгөрүшү мүмкүн деген ойлор бар/зомбулук көрсөткөн адам кечирим сураса жана мындай көрүнүш кайталанбайт деп убада берсе, ал өзгөрөт деген үмүт жашайт.

**Аялдарга карата зомбулук жана зордук-зомбулукка кабылган аялдардын жардам сурап кайрылган учурдагы жүрүм-туруму**

**2012-жылы 44 өлкөдө (алардын арасында Кыргызстан да бар) чыккан маалыматтар көрсөткөндөй, орточо эсеп менен физикалык же сексуалдык зомбулукка кабылган ар бир экинчи аял (49%) зомбулукту токтотуп калуу үчүн эч качан жардам сурап кайрылган эмес жана бул тууралуу эч кимге айткан да эмес. Адатта гендердик зомбулукту башынан өткөргөн аялдар социалдык-маданий нормалардан жана иш оңунан чыкпайт деген ой менен шартталган коркуу сезиминен же стигмадан улам, жана/же эч ким жардам бербейт деген кооптонуудан улам жардам сурап кайрылышпайт.** Кээде аялдар зомбулуктун деңгээли оор түрүнө өтүп кеткенге чейин үн катышпайт. Аялдар көп учурда зомбулукту көрө баштаганда эле кайрылышпайт, себеби бул зомбулуктун улануусуна, социалдык обочолонууга, үй-бүлөсүнүн айыптоосуна алып келиши мүмкүн, алар жемелеп же айыптай башташат деп коркушат. Кыргызстан боюнча 2012-жылдагы маалыматтарга ылайык[24], 15-49 жаш аралыгындагы, үй-бүлөлүү, физикалык же жыныстык зомбулукка кабылган аялдардын 39,6% эч качан жардам сурап кайрылышкан эмес жана бул тууралуу эч кимге айтышкан эмес.[25]

---

[24] Proportion of women who have sought help to stop physical or sexual violence (% of women age 15-49) Kyrgyz Republic, 2012 - 39.3%

[25] https://genderdata.worldbank.org/data-stories/seeking-help-for-gender-based-violence/#:~:text=Sometimes%20women%20stay%20silent%20until,being%20shamed%20and%2For%20blamed.

## 3. Жабырлануучунун үнү дээрлик угулбай калууда

Көпчүлүк учурларда, зомбулукту көрсөткөн кылмышкерлер, андан кийин адвокаттар жана тартип коргоо органдарынын өкүлдөрү аялдарга карата жасалган зомбулук жөнүндө макалаларда негизги каармандар болушат. Мындай учурда зомбулукту башынан өткөргөн аялдардын үнү дээрлик угулбай кала берет. Тилекке каршы, эгерде жалпыга маалымдоо каражаттарында аялдар зордук-зомбулуктун курмандыгы катары гана көрсөтүлсө, бул аларды айыптоо көрүнүшүн ого бетер күчөтөт. Зомбулуктун белгилерин – көгөргөн жерлерди, канды жана ушул сыяктуу нерселерди көрсөтүү практикасы зомбулукка кабылган аялдар кырдаалды өзгөртүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү көрө алышына көп деле көмөктөшпөстөн, буга кошумча физикалык зомбулуктун ыктымалдуу курмандыгы катары аялдардын абалын кадыресе көрүнүшкө айландырат. Ошондуктан, гендердик эксперттер “зомбулуктун курмандыгы” сыяктуу сөздөрдү колдонбоону сунушташат.

**Сунуштамалар**:

- Адегенде жабырлануучунун/аман калган адамдын версиясын баяндап берип, ушундан кийин гана шектүүгө сөз бериңиз.
- Өз макалаңызда кылмышкерди актабаңыз жана жабырлануучуну болгон окуя үчүн күнөөлөбөңүз.
- CABAR.asia редакциясынын маалыматтарына ылайык, Кыргызстандын ЖМКларында аялдардын үй-бүлөлүк статусу эркектерге караганда 3 эсе көп айтылат. Мындай жол менен жалпыга маалымдоо каражаттары адатта “чыныгы” эркек жана “чыныгы” аял деген стереотиптерге жем таштоодо. Ушундан улам аялды үй-бүлөлүк милдеттери карап, аны эне катары жана баланы тарбиялоо жагынан гана сүрөттөөдөн алыс болуу сунушталат.
- Жалпысынан акыркы бир жылдын ичинде ЖМКларда сөз болгон иштер кантип аяктаганына көз салуу керек: сот ишти карадыбы, кандайдыр бир жазалар берилдиби, жабырлануучулар учурда коопсуз шарттарда жашайбы?
- “Таш муштумга” жооп кайтарып, зомбулукту токтото алган аялдардын окуяларын баяндаган макалаларды даярдаңыз. Муну менен чечкиндүүлүктү көрсөтө алган жана мүмкүнчүлүктөр көп болгонунан кабар берген позитивдүү окуяларга элдин назарын бурган болосуз, себеби зомбулуктан аман калгандар адатта өзгөрүүлөргө түрткү болгон кыймылдаткыч күч катары чыга алышат.

## 4. Чуулгандуу аталыштар жана кылмышты актоо

Мүмкүн болушунча көп окурманды жана көрөрманды тартууга умтулган ЖМКлар макаланы көбүрөөк киши окушу үчүн адатта зордук-зомбулукка кабылган аялды каражат катары колдонгон мисалдар аныкталды. Мындан тышкары, жаңылыктарга жасалган мониторинг көрсөткөндөй, балдардын жана аялдардын зордукталышы тууралуу кабарларда адатта кылмыш жасалган убакыт, тактап айтканда, бул түнкүсүн болгону белгиленет. Макаланын мындай өңүттөн берилиши “жабырлануучу түнкүсүн сыртта жүргөн” деген негизсиз айыптоого шарт түзөт. Кылмышты актагандай сыяктуу буга кызганыч себеп болгону да көп айтылат: “ал кызганычтан улам ушундай кылмышка барганын белгиледи”.

**Сунуштамалар:**

Аудитория сенсациялуу аталыштагы макаланы көбүрөөк окуй турганына карабастан, редакторлор бул теманы кыянаттык менен пайдалангандан оолак болууга тийиш. Журналисттерге жана редакторлорго өз материалдарын гендердик өңүткө басым жасап, гендердик зомбулук учурларына аяр жана жоопкерчиликтүү мамиле кылып, аялдарга карата зомбулук жөнүндөгү жаңылыктарда ыраймысыз чоо-жайларды баса белгилеген сенсациялуу жана апыртылып сүрөттөгөн баш сөздөрдөн алыс болууга чакырабыз. Эгерде текстте зордук-зомбулуктун көрүнүштөрү сүрөттөлсө, анда мындайды башынан өткөргөн адамдардын сезимдерин коргоо үчүн эскертүүчү дисклеймер коюу сунушталат.

*"Жалпыга маалымдоо каражаттарына иштин бардык жагдайлары такталганга чейин гендердик зомбулук жөнүндө чукул кабарларды өздөрүнүн интернет-порталдарында, анын ичинде социалдык түйүндөрүндө жарыялабай туруу сунушталган учурлар аз эмес. Мындан тышкары, айрым медиа порталдар окурмандарга макаланын алдына пикирин калтырууга мүмкүнчүлүк берет, ошондуктан медиа уюмдар жазылган пикирлерди көзөмөлдөп, орой, олдоксон пикирлерди өчүрүп турушу керек".* ("Жыныстык зомбулук жөнүндө репортаждар", 2013)[26]

Окуяны чагылдырган ЖМКлар төмөнкү учурлардан алыс болушу керек: жабырлануучуну таанып калууга шарт түзгөн маалыматтарды (жашын/кесибин), окуя болгон жерди (мисалы, кароосуз калган имарат, эски кампа болчу деп), окуя болгон жерден сүрөттөрдү, кылмыш маалында жасалган иш-аракеттердин сүрөттөлүшүн (мисалы, аялды ала качуу) жана курмандыкты айыптаган сөздөрдү (жабырлануучунун өткөн чагын, кылмыш учурунда кийген кийимин, кайсы жерде жүргөнүн) жазбаш керек.[27]

- Баш сөздөргө "төрөгөн эмес", "тамак жасабай койгон үчүн", "кызганычтан улам" деген шылтоолорду кошпош керек
- Зордук-зомбулуктан жабыр тарткан адам "өзү күнөөлүү" деген ойго жетелеген маалыматтарды бербеш керек
- Төмөнкүдөй сөздөрдү/сөз айкаштарын колдонбоңуз:

"желмогуз", "маньяк", "айбан", "күйөөсүн козуткан", "мас абалында болчу", "инстаграм аркылуу таанышкан", "өзү келген", "секс", "кылмышка себепчи болгон кумар", "жыныстык катнаш", "үй-бүлөлүк чыр", "ортодо түшүнбөстүк көп болчу"...

- "Жашы жете элек кыз жыныстык катнашка барган" деген сөздөрдү "жашы жете элек кызды зордуктоо" дегенге алмаштырыңыз.

Жабырлануучулардын коопсуздугуна, кадыр-баркына, купуялуулугуна, кыугунтуктоодон же зыян келтирүүдөн корголушуна артыкчылык бериңиз, ошондой эле ЖМКга чыккан

[26] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

[27] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

макала ушул негизги принциптердин кайсынысын бузушу мүмкүн экендигин эске алыңыз (Журналисттердин эл аралык федерациясы, 2014).[28]

## 5. Материалдарда мыйзамдардын жана кодекстердин колдонулушу

Гендердик зомбулук темасын чагылдырган журналисттер негиздеп берип, талдоо үчүн ар кандай кодекстердеги беренелерди негиз катары өз материалдарына киргизе алышат.

*Тизмени редакция өз алдынча толуктай алат.*

**Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси**

**1001-берене. Он төрт жашка чейинки куракtагы балдар келтирген зыян үчүн жоопкерчилик**

1. Он төрт жашка чейинки балдар келтирген зыян үчүн, эгерде зыян булардын күнөөсү боюнча келтирилбегендиги далилденбесе, ата-энелери (асырап алгандары) же көзөмөл кылуучулары жооп берет.

<...> 3. Эгерде 14 жашка толо элек бала окуу жайынын, дарылоо, же ага көзөмөлдүк кылууга милдеттүү болгон башка мекеменин, ошондой эле келишимдин негизинде көзөмөлдүк кылууга тийиш болгон жактын көзөмөөл алдында турган учурда зыян келтирсе, анда ал мекемелер же жактар зыян көзөмөлдүк кылуучулардын күнөөсү боюнча келип чыкпагандыгы далилденбесе зыян үчүн жооп берет.

4. Балдар келтирген зыяндын ордун толтуруу боюнча ата-энелердин (асырап алгандардын), көзөмөлдүк кылуучулардын, окуу жайлардын, дарылоо жана башка мекемелердин милдеттенмелери 14 жашка толо элек бала бойго жеткендигине же ал зыяндын ордун толтуруу үчүн жетиштүү мүлк алгандыгы боюнча токтотулбайт.

Эгерде ата-энеси (асырап алгандары), көзөмөлдүк кылуучулар өлгөндө же алар, ошондой эле ушул статьянын 3-пунктунда көрсөтүлгөн башка граждандар жабыр тартуучунун өмүрүнө же ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн жетиштүү каражаты жок болсо, ал эми толук аракетке жөндөмдүү болгон зыян келтирүүчүнүн өзү ошондой эле каражаттарга ээ болсо, сот жабыр тартуучунун жана зыян келтирүүчүнүн мүлктүк абалын, ошондой эле башка жагдайларды эске алуу менен зыян келтирүүчүнүн өзүнүн эсебинен зыяндын ордун толук же жарым-жартылай толтуруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

**Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси**

**102-берене. Ата-энелик милдеттерден качуу**

[28] Menon V, Pattnaik JI, Bascarane S, Padhy SK. Role of media in preventing gender-based violence and crimes during the COVID-19 pandemic. Asian J Psychiatr. 2020 Dec;54:102449. doi: 10.1016/j.ajp.2020.102449. Epub 2020 Oct 14. PMID: 33271728; PMCID: PMC7556255.

1. Он алты жашка чейинки курактагы баланын ушул Кодексте жоопкерчилиги каралган укук бузуулардын белгисин камтыган жосундарды жасоосуна алып келген ата-энелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын балдарды тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбагандыгы, –

жеке жактарга 10 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Он алты жашка чейинки курактагы бала тарабынан кылмыштын белгилерин камтыган жосундарды жасоосуна алып келген ата-энелердин же аларды алмаштырган адамдардын балдарды тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбагандыгы,–

жеке жактарга 30 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси**

**28-берене. Кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы**

1. Кылмыш жасаганга чейин жашы он алтыга толгон адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

2. Кылмыш жасаганга чейин жашы он төрткө толгон бала адамды өлтүрүү (122-берене), ден соолукка оор залал келтирүү (130-берене), ден соолукка анча оор эмес залал келтирүү (131-берене), зордуктоо (154-берене), сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер (155-берене), адамды уурдоо (165-берене), адамдарды соодалоо (166-берене), уурдоо (205-берене), мал урдоо (205[1]-беренесинин 2,3 жана 4-бөлүктөрү), тоноо (206-берене), каракчылык (207-берене), опузалап талап кылуу (208-берене), автомототранспорт каражатын айдай качуу (211-берене), башка бирөөнүн мүлкүн жок кылуу же бузуу (216-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрү), террордук актысы (252-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрү), барымтага алуу (257-берене), атуучу куралды уурдоо же опузалап алып коюу (271-берене), бейбаштык (280-беренесинин 2-бөлүгү), баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо (282-берене), баңгизат каражаттарын же психотроптук заттарды уурдоо же болбосо опузалап алып коюу (286-берене), транспорт каражаттарын же каттоо жолдорун жараксыз абалга келтирүү (314-берене) үчүн ушул Кодекске ылайык кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

**19-глава. Өмүргө каршы кылмыштар**

**125-берене. Эненин жаңы төрөлгөн баласын өлтүрүүсү**

Эненин жаңы төрөлгөн баласын төрөт учурунда же төрөттөн кийин дароо өлтүрүүсү, ошого тете энеси акыл-эси жайындалыгын жокко чыгарбоочу, психикалык травма кылуучу жагдайлардын шарттарында же психикасы бузулган абалда жаңы төрөлгөн баласын өлтүрүүсү, -

беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**23-глава. Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар**

**154-берене. Зордуктоо**

1. Зордуктоо, башкача айтканда жабырлануучуга же башка адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучтуу болбогон зомбулукту жасоо менен же аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жыныстык катнашуу, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Ушул берененин 1, 2 же 3-бөлүктөрүндө каралган жосундар он төрт жашка толо элек балага карата жасалса, -

он беш жылга эркиндигинен ажыратууга же болбосо эркиндигинен өмүр бою ажыратууга жазаланат.

**155-берене. Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер**

1. Жабырлануучунун же башка адамдын өмүрүнө же ден соолукка коркунучтуу болбогон зомбулукту жасоо менен же аны колдоном деп коркутуу менен, же болбосо жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жасалган бачабаздык, лесбияндык же ыплас формадагы сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттер, -

беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Ушул берененин 1, 2 же 3-бөлүктөрүндө каралган жосундар он төрт жашка толо элек балага карата жасалса, -

он беш жылга эркиндигинен ажыратууга же болбосо өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**156-берене. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо**

1. Ушул Кодекстин 154 жана 155-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери болбогондо, шантаж кылуу жолу менен же болбосо жабырлануучунун материалдык же башкадан көз каранды болгонун пайдалануу менен жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбияндыкка же сексуалдук мүнөздөгү башка аракеттерди кылууга адамды мажбурлоо, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же 1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага карата;

2) ата-эне же жаш баланы тарбиялоо боюнча мыйзам менен милдеттери жүктөлгөн башка адам, ошого тете педагог же билим берүү, тарбиялоо, дарылоо же болбосо балдарга көзөмөлдү жүзөгө ашыруу милдеттери мыйзам менен жүктөлгөн башка мекеменин кызматкери тарабынан жасалса, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен он жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ошол эле жосун он төрт жашка толо элек балага карата жасалса, -

бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен он беш жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга, же болбосо өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**138-берене. Уруп-сабап кыйноо**

1. Эки же андан көп жолу уруп-сабоо же болбосо башка зомбулук аракеттер менен дене боюна же психикалык жапа чегүүгө алып келсе, эгерде ушул Кодекстин 130 жана 131-беренелеринде каралган кесепеттерге алып келбесе, - бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына же 500дөн 1000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) кош бойлуу аялга карата;

2) балага же алсыз абалдагы же күнөөлүүдөн материалдык же башкадан көз каранды болгон адамга, ошого тете уурдалган же барымтага алынган адам катары кармалган адамга;

3) адамдардын тобу тарабынан;

4) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

1000ден 2000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) эки же андан көп адамдарга карата;

2) жалдоо боюнча;

3) социалдык, улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктүн же касташуунун негизинде,

4) уюшкан топ тарабынан;

5) кылмыштуу коомдоштуктун курамында, -

мүлкүн конфискациялоо менен же ансыз беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

## 1-тиркеме

Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча кайрылууга боло турган байланыштардын тизмеси

***Ички иштер органдарынын бөлүмдөрүнүн телефондору:***

*Бишкек ш. ШИИБ (0312) 43-71-75;*
*Чүй облусунун ички иштер башкармалыгы (0312) 43-88-85;*
*Ош облусунун ички иштер башкармалыгы (03222) 5-59-10;*
*Талас облусунун ички иштер башкармалыгы (03422) 5-29-98;*
*Ысык-Көл облусунун ички иштер башкармалыгы (03922) 5-24-14;*
*Жалал-Абад облусунун ички иштер башкармалыгы (03722) 5-66-66;*
*Нарын облусунун ички иштер башкармалыгы (03522) 5-09-21;*
*Баткен облусунун ички иштер башкармалыгы (03622) 5-0015;*
*КР ИИМдин нөөмөт бөлүмү (0312) 66-23-31;*
*КР ИИМдин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгы (0312) 26-62-97;*
*КР ИИМдин ишеним телефону (0312) 26-64-18.*

***Күнү-түнү иштеген акысыз телефондор***

*КР ИИМдин коомдук тартипти сактоо кызматы - 102*
*Балдар үчүн ишеним телефону - 111*
*ӨКМдин "Система-112" жандуу линиясы - 112*
*Социалдык коргоонун жандуу линиясы - 117*

*КР Акыйкатчысынын жандуу линиясы (иш маалында) - 115*

*Зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүү борбору, Бишкек шаары (0312) 442510, (0312) 542934*

Кризистик борборлордун телефон номерлери жана алар менен байланышуу жолдору

| ***Бишкек шаары*** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| ***№*** | ***Аталышы*** | ***Жетекчиси*** | ***Тел. номерлери*** | ***Электрондук дареги*** | ***Кандай маалыматтар берилет*** |
| *1* | *"Аялзат" муниципалдык кризистик борбору* | *Карабашева Феруза* | *(312) 65 37 38*<br>*0550882955* | *asteria07@rambler.ru* | *Убактылуу башпаанек берет* |
| *2* | *"Шанс" кризистик борбору* | *Ткачева Елена Александровна* | *(709) 710320*<br>*(312) 613227* | *chance-cc@mail.ru* | *Аялдарды "Аялзат" башпаанек* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | *жайына аныктайт* |
| *3* | *“Сезим” кризистик борбору, коомдук бирикме* | *Рыскулова Бюбюсара Рахматовна* | *(312) 51 26 40 жандуу линия*<br><br>*0312 316466*<br><br>*0551 316466*<br><br>*ДШ.-ЖУМА*<br><br>*9.00- 17.00*<br><br>*Жандуу линия:*<br><br>*0312 512640*<br><br>*0501 512640*<br><br>*Күн сайын:*<br><br>*саат 8.00дөн 20.00гө чейин* | [sezim2008@gmail.com](mailto:sezim2008@gmail.com) | *Юристтин консультациясы берилет, юридикалык документтерди даярдоодо жардам көрсөтүлөт, сотто (жарандык жана жазы иштери боюнча) адвокаттын коргоосу, соттордо коомдук коргоо берилет, психотерапевттин жана психологдун консультациясы, балдар психологунун консультациясы берилет, үй-бүлөлүк медиация.* |
| *4* | *Кыргызстандын кризистик борборлорунун ассоциациясы* | *Тюлекова Толкун* | *0(509) 911 000* | [association.kg@gmail.com](mailto:association.kg@gmail.com)<br><br>[acc.kg@gmail.com](mailto:acc.kg@gmail.com) | *Үй-бүлөлүк же жыныстык зомбулукка кабылган ар кандай курактагы аялдарга, анын ичинде кыздарга жардам беришет.* |
| ***Ош облусу*** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | *“Аялзат” Аялдардын демилгелер борборуна караштуу “Аруулан” Кризистик борбору* | *Ештаева Наргиза Жолуевна* | *(3222) 5 56 08*<br><br>*(557) 77 74 05* | [ayalzat97@mail.ru](mailto:ayalzat97@mail.ru) | *Консультациялар берилет*<br><br>*Психологиялык, юридикалык жардам берилет* |
| 6 | *“Ак жүрөк” Кризистик борбору* | *Асилбекова Дарийкан* | *(550) 23 13 29*<br><br>*(3222) 4 59 76*<br><br>*0779 231 329* | [kjurok01@gmail.com](mailto:kjurok01@gmail.com) | *Консультацияларды беришет*<br><br>*Психологдун, юристтин кызматтары көрсөтүлөт, социалдык коштоо, башпаанек берилет* |
| 7 | *“Энсан Диамонд” коомдук бирикмеси* | *Капарова Джамиля Мурзаевна* | *+996 (3222) 22965*<br><br>*+996 (772) 328 960*<br><br>*0552131507* | [kaparovaj@gmail.com](mailto:kaparovaj@gmail.com) | *Психологиялык, юридикалык консультация берилет* |
| 8 | *“Эне назары” коомдук бирикмесине караштуу “Акыл карачач” Кризистик борбору* | *Абдылдаева*<br><br>*Октомкан* | *(555) 28 14 23*<br><br>*(776) 28 14 23* | [ene-naz@mail.ru](mailto:ene-naz@mail.ru) | *- юристтин жана психологдун акысыз консультациялары*<br><br>*реабилитация - акысыз баш калкалоочу жай (тамак, жашаган жер) берилет*<br><br>*- аялдарга карата зомбулукту алдын алуу*<br><br>*(көчмө семинарлар,* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | *тренингдер, акциялар)* |
| 9 | *“Мээрбан” Кризистик борбору* | *Борпиева Гулипа* | *(773) 84 34 61* | *bga6661@mail.ru* | |
| | | | **Ысык-Көл облусу** | | |
| 10 | *“Аялзат - аялдардын демилгелерин өнүктүрүү” коомдук бирикмеси* | *Асанбаева Дарика* | *0553835717*<br><br>*0554055980* | *ayalzatdarika@mail.ru* | *Психологиялык, юридикалык жардам, консультациялар берилет, социалдык коштоо камсыздалат, коррекциялык программа өткөрүлөт* |
| 11 | *“Алтынай” Кризистик борбору* | *Айнабекова Жыргал Муканбетовна* | *(706) 309886*<br><br>*(550) 103088* | *altynai1951@mail.ru* | *Психологиялык, юридикалык жардам, консультациялар берилет, медициналык жардам көрсөтүлөт* |
| 12 | *“Улукман дарыгер” коомдук бирикмесине караштуу “Химая” аялдарга жардам берүү жана реабилитация борбору* | *Личаню Мария Женишбековна, Аткаруучу директор*<br><br>*ОО “Улукман Дарыгер” Коомдук бирикмеси*<br><br>*Турсунбаев Уланбек Сартбаевич* | *(3922)53417 (коомдук бирикменин кеңсеси)*<br><br>*(555)204847*<br><br>*(551)733390* | *ulukmandaryger@gmail.com* | *убактылуу баш калкалоочу жай (14 күнгө чейин) берилет;*<br><br>*- санитардык-тиричилик кызмат көрсөтүүлөрүн алуу мүмкүнчүлүгү;*<br><br>*- социалдык-укуктук коштоо камсыздалат (зарыл болсо)* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | *- социалдык-укуктук жана медициналык маселелер боюнча консультация берилет;*<br><br>*- юридикалык жардам (адвокаттын), сотто коргоого чейин (зарыл болсо)* |
| *13* | *Караколдогу "Мээрим" кризистик борбору* | *Эмиль кызы Майрам* | *0706383637* | *shelterkk@gmail.com* | *Коопсуз үй, психологиялык, юридикалык жардам, зарыл болгон гигиеналык каражаттардын топтому, ошондой эле кийим-кече, азык-түлүк берилет* |
| *14* | *"Бактылуу эне" Кризистик борбору* | *Сыдыгалиева Чынара* | *0 702 748 928* | *Sydygalievacinara@gmail.com* | *1 айдан 6 айга чейин башпаанек беришет, психологиялык, юридикалык жардам, консультация берилет, социалдык коштоо камсыздалат* |
| ***Нарын облусу*** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 15 | *“Теңдеш” Кризистик борбору, өкмөттүк эмес уюму* | *Саякбаева Света* | *(708)74 72 74*<br><br>*(700) 25 78 90*<br><br>*(556) 21 85 84* | *ngo-tendesh@rambler.ru* | *Психологиялык, юридикалык жардам, консультациялар берилет, социалдык коштоо камсыздалат, коррекциялык программа* |
| **Жалал-Абад облусу** | | | | | |
| 16 | *“Каниет” Реабилитациялык борбору* | *Аттокурова Гульмайрам* | *(3722) 2 23 03; (774) 855 227;*<br><br>*(550) 757 772* | rckaniet@gmail.com | |
| **Талас облусу** | | | | | |
| 17 | *“Аялзат” Коомдук фондуна караштуу “Маана” Кризистик борбору* | *Турукманова Зарина*<br><br>*Анарбековна* | *0(707)484713*<br><br>*0(706)132313* | *ayalzat.maana@gmail.com* | *Психологиялык, юридикалык жардам, консультациялар берилет, социалдык коштоо камсыздалат, 10 күнгө чейин баш калкалоочу жер, коррекциялык программа, үй-бүлөдөгү мамилени жакшыртуу программасы, арт-терапия* |
| **Баткен облусу** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 18 | *“Өмүр Булагы” Коомдук фондуна караштуу “Жаңыл Мырза” Кризистик борбору* | *Мамбетова Токтокан Бекиевна* | *0(777)393077; 0(509)1112360 0(222)507464 0(778)090010* | [Kalybek2003@mail.ru](mailto:Kalybek2003@mail.ru) | *Психологиялык, юридикалык жардам, консультациялар берилет, социалдык коштоо камсыздалат* |
| | | | ***КРИЗИСТИК ЭМЕС БОРБОРЛОР*** | | |
| 19 | *Кайрымдуулук борбору* | *Роза Казиевна* | *0 312 64 48 71* | | *Оор турмуштук кырдаалда турган балалуу аялдарды кабыл алышат* |
| 20 | *“Энсан-Диамонд” коомдук бирикмеси* | *Авазкан Ормонова* | *0 772 32 89 60 0 3222 2 29 65* | [avazkanormonova@gmail.com](mailto:avazkanormonova@gmail.com) | *Билим берүүчү иш-чараларды өткөрүп турушат* |